Силер мага келгениңерге чейин мен силерди Хаудумдун алдынан күтүп турам. Ошондо кээ бир адамдар мага жакын калганда жолдору жабылат. Мен: Оо, Раббим! Булар менден жана менин үммөтүмдөн деп айтам. Анда: «Сенден кийин алардын эмне кылгандарын билесиңби?. Аллахка ант болсун! Алар артка кайтып кетишкен» - деп айтылат

Асма бинти Абу Бакр, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Силер мага келгениңерге чейин мен силерди Хаудумдун алдынан күтүп турам. Ошондо кээ бир адамдар мага жакын калганда жолдору жабылат. Мен: Оо, Раббим! Булар менден жана менин үммөтүмдөн деп айтам. Анда: «Сенден кийин алардын эмне кылгандарын билесиңби?. Аллахка ант болсун! Алар артка кайтып кетишкен» - деп айтылат.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Кыямат күнү анын үммөтүнөн ага келе жаткан адамдарды көрүү үчүн өзүнүн Хаудунда болоорун баяндады. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, адамдар жакын калганда, алардын жолдору жабылат. Ошондо Пайгамбар: «Оо, Раббим, булар менден жана үммөтүмдөн» - деп айтат. Алар сен кеткенден кийин эмне кылышканын билбейсиңби? Аллахка ант болсун! Алар кайра каапырлык жолдоруна кайтышып, динден чыгып кетишкен. Демек алар сенден да, үммөтүңдөн да эмес - деп айтылат.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65031